**Педагогикалык кеңеш**
**тарабынан кабыл алынган**
**Буйрук №_____**
**«_____»__________________2022 ж**

**БЕКИТЕМ**
**Мектеп жетекчиси**
**_____________ Чаарчокиева С. А.**
**«__1__»____01____________2022 ж**

## Арзымкан Бостонов атындагы орто мектебинин социалдык педагогдун функционалдык милдеттери жөнүндө ЖОБОСУ

### Жалпы жоболор

Социалдык педагогдун профессионалдык иш-аракетинин спецификасы балдардын жана жаш өспүрүмдөрдүн өнүгүшүндө жана социализациялоосунда жардам берүүгө багытталган.

Социалдык педагогдун иш-аракетинин объектиси оор турмуш акыбалдагы калган балдар жана жаш өспүрүмдөр эсептелинет. Бул- ата-энеси тарабынан кароосуз калган балдар ден-соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар, мыйзам менен келише албастыкта болгон балдар, зомбулуктан же кылмыштан азап чеккен балдар, кем-карч үй-бүлөдө жашаган балдар, иштеп жаткан балдар, көзөмөлсүз калган балдар, багуусуз калган балдар, өзгөчө кырдаалдар жана кагылыш зонасындагы калган же анын жыйынтыгындагы балдардын жашоого аракети бузулган балдар, андан тышкары жогоруда көрсөтүлгөн шарттарды өз алдынча же уй-бүлөсүнүн жардамы менен жеңип чыга албаган балдар.

Социалдык педагог өзүнүн иш-аракетинде баланын кызыкчылыктарын коргоо максатында конфиденциалдуулук, индивидуалдуулук жана толеранттык принциптерин

жетекчиликке алат.

Социалдык педагог педагогикалык багытындагы жогорку же орто кесиптик билим

болушу керек, жетекчи же педагогикалык кызмат ордунда 3-жылдан кем эмес эмгек стажы, “Социалдык педагогика” багытындагы эмгек стажы талап кылынбайт.

Билим берүү уюмунун социалдык педагогдун иш-аракети, укутары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат, ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Балдар жөнүндө Кодекси, Үй-бүлөлүк кодекси, 2015- жылдын 22-июнунан №391 “Оор турмуш акыбалдагы үй-бүлө

Scanned by TapScanner

жана балдарды табуу боюнча жобону бекитүү" жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, билим берүү мекеменин Уставы, директордун буйруктары жана буйрутмалары, бул кызмат нускасы, эмгек келишими.

Социалдык педагогду райондук (шаардык) билим берүү башкармалыгынын башчысы тарабынан жумушка дайындалат жана жумуштан бошотулат.

**Функционалдык милдеттери**

Билим берүү уюмунун социалдык педагогунун иш-аракетине балдар, жаш өспүрүмдөр, анын ата-энеси (мыйзам өкүлдөрү), класс жетекчилер, мугалимдер, мектеп жетекчилиги, балдар менен иштеген комиссия, социалдык коргоо мамлекеттик уюмдарынын өкүлдөрү, психологиялык, медициналык, педагогикалык консультация жана башка иш жүргүзүү кирет.

**Социалдык педагогдун функцияларына төмөнкүлөр кирет:**

- балдар, жаш өспүрүмдөр жана бойго жеткен адамдар менен ишенимдүү мамиле түзүү;
- "социалдык диагнозун" аныктоо жана негиздөө. Билим берүү мекемелеринде көнүгүүлөрдү жана алган билимдерин өздөштүрүү боюнча ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын, эмгектенген балдардын, мыйзамга каршы иш аракеттерди жасаган балдар жана оор турмуш акыбалдагы балдардын башка категорияларынын потенциалдык мүмүкүнчүлүктөрүн аныктоoо үчүн балдар менен үй-бүлөлөрдүн социалдык-турмуштук жашоосун жана социалдык чөйрөсүн изилдөө;
- Чечүү талап кылган социалдык чөйрө менен маселелердин актуалдуу койгойлорун эске алып социалдык-педагогикалык иш-аракетти пландаштыруу, жана аны анализдөө;
- окуучулардын социалдык тарбиясына, биргелешкен эмгек жана эс алуусуна бир эле мектептин башкармалыгын эмес, коомчулукту, микрорайондун жашоочуларын тартуу жана демилге берүү;
- социалдык чөйрөсү жана үй-бүлө тарабынан балдарга жана жаш өспүрүмдөргө көрсөтүлгөн бүт тарбиялоочу таасирлерди тууралоо;
- балдардын жана жаш өспүрүмдүн кылмыш (делинквенттик) жана бузулуу (девианттык) жүрүм-турумун алдын алуу боюнча профилактикалык чараларды уюштуруу;
- ачык микро чөйрөдө жаш өспүрүмдүн жана балдардын социалдык маанилүү

Scanned by TapScanner

иш- аракеттерин уюштуруу;

- жеке инсандардын ортосундагы чыр-чатактарды жоюуга жардам көрсөтүү;
- психологиялык-педагогикалык талаптарды эске алуу менен окуучуларды ар кандай пайдалуу иш-аракеттерге тартуу;
- өзүн таануу жана өзүн өнүктүрүү аркылуу баланын өнүгүүсүндө тажрыйбалуу социалдык-педагогикалык колдоо көрсөтүү;
- Социалдык коргоо органдары жана башка мамлекеттик органдардын кызматташуусу;
- Кеңештин иш-аракеттерине катышуу;
- Үй-бүлө, билим берүү мекемелери жана баланын жакын чөйрөсү менен баланын кызыкчылыктары үчүн байланыш түзүү;
- Социалдык коргоо органдары жана башка мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен кызматташтык түзүү

**Кызмат милдеттер**

Социалдык педагог төмөнкү кызмат милдеттерин аткарат:

1. Оор турмуш акыбалдагы балдарды табууга көмөк көрсөтөт, бул:
- ата-энеси тарабынан кароосуз калган балдар;
- ден-соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар;
- мыйзам менен келише албастыкта болгон балдар;
- тобокелдикте/ зомбулуктан жапа чеккен балдар;
- эмгектенген жана мектепке барбаган балдар;
- тобокелдик топтогу балдар жана ошондой эле кооптуу абалдагы балдар.

2. Жогоруда көрсөтүлгөн балдарга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен керектүү социалдык жардам жана колдоо көрсөтөт.

3. Оор турмуш акыбалдагы балдарды коргоо жана өнүктүрүү пландарын иштеп чыгууга
көмөк көрсөтүү.

4. Оор турмуш акыбалдагы балдарды ийгиликтүү адаптациялоо жана социализациялоо үчүн иш-чараларга тартуу боюнча иш-аракеттерди уюштуруу.

5. Оор турмуш акыбалдагы балдар жана жаш өспүрүмдөр, балдарды мектепке даярдоо класстарындагы балдар боюнча баардык маалыматты камтыган мектептин социалдык паспортун өз убагында тариздөө.

6. Жыйынтыктоочу отчёттор менен статистикалык маалыматтарды даярдоо.
7. Үзгүлтүксүз түрдө профессионалдык квалификацияны жогорулатуу.
8. Көмөк көрсөтөт:
   - Билим алып жаткандардын укугун жана эркиндигин ишке ашырууда, жашоо жана ден соолуктун коргоосун камсыз кылган ыңгайлуу жана коопсуз айлана-

Scanned by TapScanner

чөйрөнү
түзүүдө;

- Социалдык чөйрөдө гумандуу жана ахлак-адептүү мамилелерди түзүүдө, балдардын маселелерин чечүүдө ата-энелер менен коомчулукту чакырууда;
- Педагогикага багытталган чөйрөнү түзүү;

**Укуктар**

Социалдык педагог төмөнкүлөргө укуктуу:

- Мектептин уставы тарабынан каралган тартипте мектепти башкаруу иш-чараларына катышуу;
- Кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;
- Өзүнүн ишине баа берүүнү камтыган арыздар жана башка документтер менен таанышуу жана аларга түшүндүрмө берүү;
- Кесиптик этиканын ченемдерин бузуу менен байланыштуу болгон тартиптик же кызматтык тергөө учурунда өз алдынча же өкүл, адвокат аркылуу кызыкчылыктарын коргоо;
- Мыйзам тарабынан каралган тышкаркы учурларды тартиптик (кызматтык) төргөөлөрдүн жашыруун болушу;
- Социалдык-педагогикалык иштердин ыкма жана усулдарын эркин тандоо жана колдонуу;
- Кесиптик жоопкерчиликтерди ийгиликтүү аткаруу максатында шарттарды түзүүнү билим берүү мекемесинин башчысынан талап кылуу;
- Кесиптик ишине байланыштуу тармакта маселе тууралуу мамлекеттик органдарына маалымат берүү.

**Жоопкерчилик**

Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан аныкталган тартипте социалдык педагог төмөнкүлөргө жоопкерчилик тартат:

- Жашыруунун талап кылган маалыматты жайылтуу;
- Социалдык-педагогикалык чараларды жүргүзүүдө тарбиялануучулардын өмүрү, ден соолугу, укук бузуулары жана эркиндигине;
- Тарбиялануучуга карата физикалык жана (же) психологиялык зомбулук көрсөтүү жана ошондой эле башка моралдык иш-аракет жасоодон улам Кыргыз Республиканын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы жана эмгек мыйзамына ылайык жумуштан бошотулат.

Scanned by TapScanner

**Кызмат боюнча байланыштар**

Профессионалдуу максаттарга жетүү үчүн социалдык педагог :

- 16 жашка чейин бүтүрүүчүлөрдүн жана окуучулардын кызыкчылыктарын коргоо максатында мамлекеттик органдарынын, коомдук уюмдарынын жана башка уюмдарынын өкүлдөрү менен мамиле түзөт;
    - билим берүү мекеменин педагогикалык кеңешинин иш-аракетине катышат;
- билим берүү маршрутун аныктоо үчүн ден-соолук мүмкүнчүлүктөр чектелген балдар жана анын ата-энесине психологиялык-медициналык-педагогикалык консультацияны алууга көмөк көрсөтөт;
- жергиликтүү бийлик (айылдык кеңеш, мэрия) жана мамлекеттик органдары байланыш түзөт;
- социалдык педагог жашы жете электердин иштери боюнча инспекциясы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, социалдык коргоо, социалдык маселелери боюнча комиссиялар, аксакалдар соту менен тыгыз байланыш түзөт.

## VI. Корутунду жоболор

Билим берүү уюмунун социалдык педагогу:

1. Окуучулардын санына жараша КР Өкмөтүнүн токтому тарабынан бекитилген
штаттык жүргүртмөгө ылайык иштейт;
2. Класс жетекчилер жана мугалимдер менен макулдашылган ар бир окуу жылына иш-аракет планын пландаштыруу; иш-аракет планы мектеп директору тарабынан пландаштырылган убакыттын 5 күндөн ашырбай бекитилет,
3. Билим берүү уюмунун жетекчилиги, мугалимдер жана балдардын-жаш өспүрүмдөрдүн ата-энеси менен дайыма өзүнүн компетенциясына кирген маалыматтар менен бөлүшүү.

Scanned by TapScanner